КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**И.РАЗЗАКОВ атындагы**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК**
**ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ**
**ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**им. И. РАЗЗАКОВА**

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

«27» май 2020ж. Бишкек ш. № 50

«МЖМ факультети боюнча сынактык сессияны
уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө"

2019-2020-о.ж. окутуунун күндүзгү жана аралыктан окуу формасындагы 1-курстун магистранттары үчүн жазгы сынактык сессияны натыйжалуу уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук берем:**

1. Сынактык сессия КМТУда сынактык сессияны өткөрүүнүн Регламентине, Академиялык календарына, ошондой эле өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал шарттарында 2019-2020-о.ж. окуу процессинин жазгы семестрин уюштуруу жана күндөлүк көзөмөлдөө менен аралык аттестациялоону жүргүзүү боюнча Убактылуу нускамага ылайык окутуунун күндүзгү жана аралыктан окуу формасындагы магистранттары үчүн (1-курс) жазгы сынактык сессия **2020-жылдын 8-июнунан 19-июнуна** чейин уюштурулуп, өткөрүлсүн.

2. **Магистратура жогорку мектеби факультетинин деканы:**

- сынактарды кабыл алуунун эрежелерин өзгөчө көзөмөлгө алып, терс көрүнүштөрдү алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн;
- окуу программаларын толук аткарган, сабактарга калтырбай катышкан жана окуу төлөмдөрү толук төлөнгөн магистранттарга сынактык сессияны тапшырууга уруксат берсин;
- сынактардын жана консультациялардын ырааттамаларын өз учурунда түзүп, маалыматтарды магистранттарга жеткирүүнү камсыздасын;
- кафедра башчылары менен окутуучуларга сынактык ведомосторду университеттин маалыматтык системи программасынын негизинде гана жүргүзүүнү жана деканатка **2020-жылдын 26-июнуна чейин** тапшырууну милдеттендирсин;
- «FX» жана «I» балл алган магистранттар үчүн балл топтоо жана сабактарды кайрадан тапшыруу графиктери түзүлүп, балл топтоо жана сабактарды кайрадан тапшыруу **2020-жылдын 1-сентябрынан 28-сентябрына чейин** өткөрүүнү уюштурсун;
- сынактык сессияны талдоо жана көзөмөлгө алуу, ошондой эле келише албастык кырдаал жаралганда, аны ыкчам чечүү үчүн декан, окуу-усулдук кеңештин мүчөсү, кафедра башчысынан турган комиссия түзүлүп, окутуучулар тарабынан тартип бузуулар болгон учурда маселени ыкчам карап, административдик чара колдонууга документтерди ректоратка берсин;

- жазгы сынактык сессиянын жыйынтыгын №8 формасы боюнча окуу бөлүмүнө (Алыбаева Г.Дж) 2020—жылдын 29-июнуна чейин тапшырсын.

3. **Кафедра башчылары:**

- өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал шарттарында 2019-2020-о.ж. окуу процессинин жазгы семестрин уюштуруу жана күндөлүк көзөмөлдөө менен аралык аттестациялоону жүргүзүү боюнча Убактылуу нускамага жана КМТУда сынактык сессияны өткөрүүнүн Регламентине ылайык сынактык сессияны өткөрүү процедурасы жана сынактарды кабыл алуу эрежелери менен окутуучуларды тааныштырып жана милдеттүү түрдө аткарылышын камсыздоо боюнча кафедранын отурумун өткөрүшсүн;
- сынактык сессиянын жазгы жана жайкы семестрлеринде видеоконференция байланышты колдонуу менен академиялык карыздарды жоюу, зачет жана курстук иштерди (долбоорлорду) кабыл алуу жана кошумча сабактарды өткөрүү боюнча кафедранын бардык окутуучуларынын иштөө графиги түзүлсүн;
- магистранттардын билимин баалоодо окутуучулар тарабынан субъективдүү факторлорду жоюу максатында сынактарды комиссия менен кабыл алууну (2 окутуучу) иш жүзүнө ашырылсын;
- сынактар бекитилген ырааттамалардан сырткары кабыл алууга тыюу салынсын;
- студенттердин жайкы практикасын жетектөөчү окутуучуларга эмгек өргүү берүү боюнча уюштуруучулук даярдык иштер жүргүзүлсүн.

4. **СТОТИД жана жаштар иштери боюнча комитети:**

- сынактык сессиянын жүрүшүн байкоо жана окутуучулар тарабынан сынак эрежелерин бузууларын кабарлоо үчүн магистранттар менен кербайланыш түзүүнү камсыздашсын;
- университеттин коррупцияга каршы комиссиясы менен биргеликте студенттерден түшкөн каттар менен арыздардын анализин жүргүзүп, жыйынтыгы боюнча Ректордук кеңеште маалымат берсин.

5. Берилген буйрукту көзөмөлдөө ишин өзүмө калтырам.

Ректор — М. Дж. Джаманбаев

МАКУЛДАШЫЛДЫ:
ОИ боюнча проректор — М. К. Чыныбаев

Окуу бөлүмүнүн башчысы — Ж. Д. Сыдыков

УИБ башчысы — А. Ж. Исраилов